DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 11, 2019

***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***

***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***HISTORICAL SCIENCES***

*Абдиева А.М.*

# XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫНДА ЖАНА - XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ТҮШТҮК-БАТЫШ ЧӨЛКӨМҮНДӨ ЖАШАГАН КЫРГЫЗДАРДЫН ФЛОРАНЫ ДАРЫ КАТАРЫ ПАЙДАЛАНЫШЫ

*Абдиева А.М.*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ФЛОРЫ КАК ЛЕКАРСТВА КЫРГЫЗАМИ ПРОЖИВАЮЩИМИ В ЮГО-ЗАПАДНОМ РЕГИОНЕ ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ В КОНЦЕ XIX И В НАЧАЛЕ XX ВЕКА

*A.M. Abdieva*

# USE OF FLORA AS MEDICINE BY KYRGYZ PEOPLE LIVING IN THE SOUTH-WESTERN REGION OF THE FERGHANA VALLEY IN THE LATE XIX AND EARLY XX CENTURY

*УДК: 39.573.2(575.)(04)*

*Бул макалада Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздардын флораны дары катары адамдарды дарылоодогу салттары байыркы мезгилге таандык экендигин далилдеген окумуштуулардын маалыматтары жөнүндө, кыргыздардын башка элдер менен болгон алака-мамилелеринин натыйжасында, алардын таасири тийгендигине карабастан, өздөрүнө таандык өзгөчөлүктөргө ээ экендиги белгиленди. Ошондой эле, Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары дары өсүмдүктөрдө адамдардын ден соолугуна пайдалуу биологиялык активдүү заттар бар экенин мыкты билишкендиги жана бул заттар менен ооруулары организмден кантип тазалоонун ыкмаларын да жакшы өздөштүрүшкөндүгү жөнүндө автор тарабынан жыйналган талаа материалдары берилген. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары табияттын дарылык каражаттарынын касиеттери өсүмдүктөрдүн ар кайсы бөлүктөрүндө ар түрдүү өлчөмдө болорун, ал эми кээ бир бөлүктөрүндө жок болорун аңдап билишкендиги жана аларды жасоо ыкмалары жөнүндө маалыматтар берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *түштүк-батыш чөлкөмү, флора, фауна, табият, дары, Фергана өрөөнү, салттуу, кыргыздар.*

*В данной статье отмечается, что использования флоры в качестве лекарств кыргызов в юго-западного региона Ферганской долины имеет свои особенности, несмотря на их влияние в результате взаимоотношений кыргызов с другими народами. А также, доказано учёными что традиционное народное лечение кыргызов принадлежит к древнему периоду. Автором были предоставлены собранные полевые материалы о том, что юго-западные кыргызы Ферганской долины прекрасно знали, что лекарственные растения содержат биологически активные вещества полезные для здоровья человека и как они хорошо усваивали способы очищения организма от многих болезней. Даются полезные информации о том, что лечебные свойства флоры бывают в некоторых частях растений в различных размерах, а в некоторых частях отсутствуют и способствуют в изготовлении лекарств юго-западных кыргызов Ферганской долины.*

***Ключевые слова:*** *юго-западная зона, флора, фауна, природа, лекарств, Ферганская долина, традиционно, кыргызы.*

*This article notes that the use of flora as medicine by Kyrgyz people in the South-Western region of the Ferghana valley has its own characteristics, despite their influence as a result of the relationship of Kyrgyz people with other peoples. It is also proved by*

DOI:10.26104/IVK.2019.45



*scientists that the traditional folk treatment of the Kyrgyz belongs to the ancient period. The author provided the collected field materials that the South-Western Kyrgyz of the Ferghana valley knew perfectly well that medicinal plants contain biologically active substances useful for human health and how they well assimilated ways to purify the body from many diseases. Given useful information about what medicinal properties of the flora is in various parts of plants in different sizes, and in some parts is not available and about how to make drugs the South-West of the Kyrgyz Fergana valley.*

***Key words:*** *South - West area, flora, fauna, nature, medicine, the Ferghana valley, traditionally, the Kyrgyz people.*

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары флораны салттуу түрдө дары-дармек катары мурдатан бери пайдаланып келгендиги жөнүндөгү маалыматтар окумуштуулар Н.Л. Зеланд жана И.В. Выходцевдин этнографиялык эмгектеринде [1, 78-б.; 2, 72-б.] жана кыргыз элинин фольклордук чыгармаларында кездешет [3, 345-б.].

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары дары өсүмдүктөрдө адамдардын ден соолугуна пайдалуу биологиялык активдүү заттар бар экенин мыкты билишкен. Дары өсүмдүктөрүнүн дарылык таасирлери алардын тамырларында, сабагында, жалбырагында, бүчүрүндө, топ гүлүндө, мөмөсүндө, уругунда, кабыгында болорун аңдап билишип жана бул заттар менен ооруларды организмден кантип тазалоонун ыкмаларын да жакшы өздөштүрүшкөн. Бул жөнүндө академик А.А. Алтымышев: ”...дарылоо практикасында табияттын дарылык каражаттарынын касиеттери дагы да чоң ишеним артып бара жатат”, - деп белгилейт [4, 4-б.].

Жогоруда белгилегендей, табияттын дарылык каражаттарынын касиеттери өсүмдүктөрдүн ар кайсы бөлүктөрүндө ар түрдүү өлчөмдө топтолорун, ал эми кээ бир бөлүктөрүндө жок болорун элдик дарыгерлер билишкен, ошондуктан өсүмдүктүн дарылык касиети бар бөлүгүн гана пайдаланышкан. Мына ошондой дары өсүмдүктөрдүн айрымдарына жана аларды дары катары пайдалануу ыкмаларына токтолуп кетсек:

**Бозунач, бозмоч** – жайлоонун кара шагылдуу жеринде өсөт. Июнь айында чыгып, август айынын орто ченинде бышат. Гүлү көк түстө болуп, жалбырагы 10-15см болот. Кыргыздар бул дары чөптүн жалбырагы менен гүлүн дары катары пайдаланышкан. Бозмочто газдын жыты болгондуктан, бул өсүмдүктү тергенде адамды алсыраткан. Терип алган соң көлөкө жерде 10 күн жайып кургатып, майдалап, кан басымы көтөрүлгөндө, сарык ооруусуна жана өттөгү таш-кумдан арылуу максатында дары катары чай кылып демдеп ичишкен. Даамы ширин келет. Кан басымды түшүрүп жиберет дешип, бозмочту көп ичишкен эмес [5, 400-б.].

Бозмоч чөбү жөнүндө Баткен аймагында жашаган эл ичинде айтылып келаткан легенда: “Айылда бир мергенчи жашаган дешет. Анын жалгыз уулу каза болуп калат. Уулунун күтүүсүздөн болгон өлүмүнүн себебин тактоо максатта баланын ичин бычак менен кесип, ачып караса баласы тырнак жутуп алыптыр. Ичиндеги тырмагы сөөмөйдөй болуп өсүп кетиптир. Баласын жерге берген мергенчи аябай кайгырат, баласынын ичинен чыккан тырмакты бычак кынына кыстарып алат. Бир күнү токойго аңчылыкка барып, аңчылык мезгилинде бир чөптүн үстүнө кынын коюп коет. Келсе тырмак эрип калган экен. Көрсө, ал бозмоч чөптүн үстүнө койгон экен. Ошондо мергенчи “..аттиң, муну билсем кана, балама бозмочту ичирип, өмүрүн сактап калмак экенмин” деп боздогондугу жөнүндө айтылып калган экен. Ошондон улам эл ичинде “Бозмочтуу жерде бото өлбөйт” деген аңыз сөз калган деп айтылат [АТД].

**Күчала -** көп жылдык уулуу өсүмдүк, даны топчуга окшош тегерек. Күчаланы Орто Азия элдеринде дары жана уу катары байыртадан бери кеңири колдонулуп келген. Күчаланын сабагы жалгыз аяк же эки аяктуу, гүлүнүн өңү мала кызыл келет, жер шартына жараша шагылдуу жерде өскөндөрү майда, ал эми кара топурактуу жерлерде өскөнү чоңураак келет. Анын жалбырактары тамекиникине окшош келип, ортосунда кыпкызыл боткогу болот. Уругу катуу жаңгактай болуп, көбүрөөк жегенде көңүлдү айлантып, кускуну келтиргендиктен орус эли “*рвотный орех”* деп атап коюшкан. Ал эми Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары күчаланы *“жыландын макаси”,* тажик элдери “күчала” деп аташкан. Күчала эркек жана ургаачы болуп эки түргө бөлүнөт. Ургаачысы капчыгайлардагы жыш токойлуу жерлерде, эркеги бийик кыркалуу тоолордо, бөксө, бадалсыз, чөбү тайкы чыккан бел-аңыздарда өсөт. Эркек күчаланын дарылык касиети күчтүү, ургаачысында андай касиет жок. Күчаланын ургаачысын тиш оору, баш оору сыяктуу жеңил-желпи ооруларга ичишкен. Эркек күчала адамдын жалпы органдарын, сөөктү, белди, муундарды бекемдейт. Кыргыздарда күчаланын даны, тамыры дары катарында колдонулган. Кыл табыптар балдардын көк жөтөлүнө күчаланын гүлүн пайдаланган [6, 345-б.].

DOI:10.26104/IVK.2019.45



Баткен аймакта жашаган кыргыздар күчаланы 12 жашка чейинки жаш балдарга беришкен эмес. Жогору курактагыларга пайдаланышкан. Ал ашказандагы жараны, омурткадагы грыжаны айыктырган, төрөбөгөн аялдар колдонсо да натыйжа берген.

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары күчаланы эрте жазда жалбырагы чыга электе же гүлдөп бышкан учурунда казып алып колдонсо дарылык касиети жогору болот дешкен. Тамырын да дары катары колдонушкан. Күчаланы казып алып, сая жерге 15 күн жайып (күчаланын даны кургаганда көлөмүн жоготот), пияздай кылып кургатып алышкан. Чыныга сүт куюп жана бир аз суу куюп, күчаланын данын бир чымчым кырып, кайнатышкан. Кучаланы кайнатканда даамы эрмен сыяктуу ачуу болот. Кээде 100 грамм кайнак сууга салып, 15 мүнөт демдеп койуп, тамактан мурда бир күндө бир жолу ачкарын ичишкен. Кыргыздар күчаланы сууга кайнатып, кымызга, бозого ачытып, узак оорудан күч-кубаты начарлагандарга, эски ооруларды дарылоого жана жалпы эле көңүл көтөрүү үчүн да пайдаланышкан. Күчаланын кырындысы буудайдын данынан чоң болбоосу керек, бул уулуу өсүмдүктү ашыгы менен ичкен адам тырышып калган, мындай учурда «Күчала ичип тырышып калыптыр» деп айтышкан. Кээде ченеминен ашык колдонгондо адамдын организмине зыян келип, ууланып калышып өлүмгө чейин алып келген. Күчаланы курсакты тойгузуп, күчтүү тамак менен ичиришкен. Кайнак сууга бир малып алып, ысык сүткө салышкан. Кыргыздар күчаланы сууга кайнатып, кымызга, бозого ачытып, узак оорудан күч-кубаты начарлагандарга, эски ооруларды дарылоого жана жалпы эле көңүл көтөрүү үчүн пайдаланышкан. Жөнөкөй ыкмасы, жүгөрүнүн данындай кукумүн майдалап, жылуу суу менен да ичишкен. Адамдын жалпы органдарын, сөөктү, белди, муундарды бекемдейт дешип, 3-7-9 күн чеги менен пайдаланышкан. Сары ооруга, кан басымы жогорулаганда, жүрөк оорулууларга ичиришкен эмес. Алапес оорусуна күчаланы майдалап, койдун майына кошуп аралаштырып сүйкөшкөн. Аялдар *сыздан* болуп ооруганда жана бөйрөктөрүнө суук тийдирип алганда да күчаланы пайдаланышкан. Күчаланын өз аты айтып тургандай эле күч алдырат, дагы бир аты *күчөткүч* деп аталат.

Күчала жөнүндө: "..күчала-күч аласыз", "Күчаладай күчү бар" деп эл ичинде айтылып келаткандай эле, "..эркекке күч берет, бел күчүнө кубат берет", дешип кыргыздар балбандарды күрөшкө даярдаганда күчаладан аз-аздан кымызга кошуп беришип, каруусун күчкө толтурушкан. Күчала денени күчтөндүрүп, эркектердин бел кубатын арттырган. "Манас" - эпосунда күчаланы күчтүү ачыткы, күчүн жогорулатуу максатында колдонулганы жөнүндө баяндалат:

Күчү кайтып калат деп,
Күчала туурап салдырган,
Алдырып келип арагын.
Күчтүү болсун арак деп,
Күчаладан салыптыр [7, 252-б.].

**Ачык бадам** – чөлдө, күнгөй бетте, көп жылдык өсүмдүк таштак жерде өсүүчү бадам болуп саналат, жазда гүлдөйт, мөмө салып, күздө бышат. Бадамдын данеги табылгыс дары. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары бадамдын данегини чагып. бир күнгө алты даана жешкен. Даамы ачуу келет. Ачык бадамды кыргыздар богок оруусуна (зоб), баш ооруугa дары катары жешкен. Орто кылымдарда эле Абу Али ибн Сина ачык бадамдын уругу менен майыны жөтөлгө, астмага, кан түкүргөнгө пайдаланып келген [8, 14-б.].

Өзбек элинде да ачык бадамды дарыгерчиликте төмөнкүдөй иштетишкен: Ачык бадамдын майын майжуазда сыгып алып, ушул майдан 3-4 маал кичине кашык менен тамактануунун астынан жарым саат мурда ичишкен. Эгерде майын алууга мүмкүнчүлүк болбой калганда данегин майдалап жарым литр кайнак сууга 2 аш кашык салып, бир нече саат демдеп коюшкан. Демделген дарыдан күнүнө 3-4 маал тамактан алдын жарым пиаладан ичишкен [АТД].

**Аркар от** - сейрек кездешүүчү көп жылдык жапайы өсүмдүк, дарылыкка тамыры колдонулат. Бийик тоолордо өсөт. Күз айларында казылып, тамыры алынат. Түзүлүшү суу кымыздыкка окшош, тамыры сойлоп, узун болуп өсөт. Даамы кыйгыл, аркар оту менен керечтин жытын айырмалаш кыйын, өңү даамы менен гана айырмасын билсе болот [9, 201-б.].

**Ысырык, адрашман** – күнгөй бетте, топурагы шордуу өрөөндөрдө, короо айланасында, такырларда өсүүчү, сабагы 25 смге чейин жеткен, өтө бутактуу, майда тилкелүү, гүлү ак же саргыч түстүү, узун тамырлуу, ылдый тик өсүүчү көп жылдык чөп. Ысырык (адрашман) май айында чыгат, июль айында гүлдөп, август айында мөмөсү бышат. Адырашманды жегиликтүү элдер *ысырык* деп да аташат. Анын мөмөсү – тоголок кутуча, май, июлда гүлдөп, августта уругу бышат,

DOI:10.26104/IVK.2019.45



уругу кара күрөң түстө болот. Адырашманды мал жебейт. Кургакчылыкка өтө чыдамдуу келет. Эл ичинде бул өсүмдүктү кеңири дарылыкка колдонуп келишкен. Кыргыздар адырашманды көлөкө жерде 20 күн кургатып, ич ооруучу, чыкмага, бүдүргө (чыгуу чыкканда) ысырыкты кайнатып, табын кайтарып орулууну жуундурушкан. Сасык тумоого табылгыс дары катары колдонушкан. Тумоологондо адам жаткан бөлмөнүн абасын тазартуу үчүн адырашманды түтөтүшкөн. Азыркы учурда да сасык тумоодон сактануу үчүн, түштүк-батыш кыргыздары ысырыкты түтөтүп, үйлөрүн ысырыктап турушат. Кыргыздар элдик дарыгерчиликте адырашманды кызыл жүгүрүккө, безгек, талма, тери ооруларында колдонуп келишкен.

Ысырыкты орто кылымдарда да салттуу дарыгерчиликте пайдаланышып келгендиги туурасында орто кылымдардагы лингвист-окумуштуу, ойчул М. Кашкари да өз эмгегинде белгилеп кеткен. Балдарды жиналбарстыдан жана көз тийгенден сактоо үчүн ысырыкты түтөтүп ай жин, көч, көч! деп баланын бетине ысырыктын түтүнүн тийгизишкен [10, 125-б.].

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагында жашаган кыргыздар элдик дарыгерчиликте адырашманды кызыл жүгүрүккө, безгек, талма, тери ооруларында колдонуп келишкен. Айрыкча сасык тумоого дарылыгы жакшы дешип, адырашманды түтөтүп, турак-үйлөрүн да ысырыкташкан.

Адырашман жөнүндө Лейлек аймагында жердеген элдерде мындай легенда айтылып келет: "Бир мезгилде миң жоокер ээн чөлдө эс алууга саябан таппай, ат байлоого куурай таппай, ооруганга эч бир дары таппай бир чөпкө барып такалат. Бул чөптүн сөңгөгү гана чыгып, башында уруктары болгон. Ошол чөпкө ооруган жоокер өзүнүн атын байлайт. Атка атты байлап отуруп, миң жоокер атты байлашат. Бүткүл жоокерлер оруу болгондуктан биринчи жаткан жоокер бул чөптүн бир даана уругун оозуна салып, чайнайт. Экинчи жоокер өсүмдүктүн куурайын алып, ысырыктап тамеки кылып тартат. Үчүнчү жоокер адрашмандын сабагын гана сындырып алып, тиштерин тазалаган. Ошентип отуруп, миң жоокер адрашманды колдонуп, оорудан айыгышат. Ошол себептен эл оозунда адырашман *миң оруууга дары* деп коюшат [АТД].

**Өрмө кара -** Баткенде *"акыл кара"*[АТД], Кадамжайда *"бурма кара"* [АТД], Лейлекте*"өрмө кара"* [АТД] деп аталган жерден өрүлүп чыккан дары өсүмдүк. Шагыл жерде, жайлоодо өсөт. Июнь айында чыгып августта алынат. Бийиктиги 5-10 см жетет. Өрмө каранын жалбырагы дары. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздар өрмө караны 20 күн көлөкө жерге кургатып алышкан. Чыкканга, сынганга, бөйрөк ооруларга дары. Бул өсүмдүк жымжырттыкты сүйгөн дары чөп болгондуктан, сыркоологон киши өрмө караны чай кылып демдеп, кечинде жатаардан мурда (эл жаткандан кийин) эки чыны ичишкен [АТД].

Ошондой эле, Лейлек чөлкөмүндө жашаган кыргыздар кара талдын чыбыгын *күйдүргү жарасын* дарылоодо колдонушкан. Элибизде күйдүргүнү атынан атабай "аты өчкүр", "жаман жара" деп тергешкен. Жаман жаранын кээ бир түрү кычыштырып, кээ бир түрү ооруп чыгат. Жаман жара тукум (сөөк, урук) кууган. Күйдүргү жарасынан көптөгөн адамдар өлүп калышкан. Күйдүргү чыкканда адам алсырап, башы ооруйт, жаны жер тартып, жара чыккан жери кызарып, шишип чыгат. Күйдүргү чыкса "паланчага жаман жара чыгыптыр" деп айтышкан.

Аны дарылоодо Лейлектик кыргыздар кара талдын чыбыгын кесип алып, чокко салып, кызытып күйдүргү чыккан жерге басышкан. Күйдүргүнүн өзөгү катуу сөөктөй болот. Кээде темирди да кыпкызыл кылып отко кызытып, жарага басышкан.

Күйдүргү жарасын тамырдан эзип дарылаган табыптар да болгон. Алар атайын устаттарынын дубасын алышкан. Жаман жараны эзген кишилер өтө сейрек кездешкен, бирин-экин гана адамдар билишкен. Эзгенде чокудан жана чыкчыттын, эки сээрдин тамырларын эзишкен. Бир нече жолу эзгенден кийин жара ашалып жарылган [АТД].

Жыйынтыктап айтканда, Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздары жогорудагы дары чөп өсүмдүктөрдү ар кыл ооруууга билгичтик менен колдонуп келген табигый өсүмдүктөрдүн мааниси, адамдардын организмине тийгизген таасири туурасындагы маалыматтар, эң жөнөкөй жол менен даярдоо жолдору жана айырмачылыктары, ыкма-сырлары муундан-муунга оозеки өтүп келет. Унутта калып бараткан бул табигый дарыларды жазып калтыруу зарыл. Жаратылыштын бул дарылары азыркы фармацевттик каражаттардан зыяны азыраак экени талашсыз. Жогоруда келтирилген далилдер элибиз ооруу-сыркоодон дарыланууда дары өсүмдүктөрүн максаттуу колдонуп келгендигин айгинелейт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45



**Адабияттар:**

1. Зеланд Н.Л. Киргизы. Этнол. очерк. Запр. СО РГО, кн. УП, Вып. II 1885. - 78 с.
2. Выходцев И.В. Дикорастующие лекарственные расстения Киргизии Ф.: Изд. тип. Кирг. фил. АН СССР, 1947. - 72 с.
3. Орозбаков С. “Манас” эпосу Т.III. - .: 1981. - 345-б.
4. Алтымышев А.А. Природные целебные средства. - Ф.: “Кыргызстан” 1985. - 4 с.
5. Кыргыздар XII том. 2011-ж. 400-б.
6. Орозбаков С. “Манас” эпосу. Т.III. - Ф.: 1981.- 345-б.
7. Орозбаков С. Манас. - Ф.: 1978. 428-б. 252-б.
8. Эргашев Ш. Юз дардга, юз дава. Тошкент.: 2011. - 14-б.
9. Чомо уулу Д. Табыпчылык уулу сыр. Кыргыз элдик медицинасы. Б.: 2008-ж. - 201-бет.
10. Кашгари М. Дивану лугатит - түрк. - Б.: 2013-ж. 125-б.